Кыргыз Республикасы
Ысык-Көл облусу
Жети-Өгүз району
Оргочор айыл аймагынын
айылдык Кеңеши

Кыргызская Республика
Ысык-Кульская область
Жети-Огузский район
Оргочорский аильный Кенеш
айылного аймака

## Эл депутаттарынын Оргочор айылдык Кеңешинин XXVIII чакырылышынын кезектеги 8-сессиясынын

26 январь 2022- жыл Оргочор айылы

# Т О К Т О М №17

**Оргочор айыл округунун 2022-жылга карата бюджетин 2023-2024 жылдарга долбоорун бекитүү жөнүндө**

2022-жылга Оргочор айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн бюджеттин бекитүү, 2023-2024-жылдарга долбоорун жана 2021-жылдагы бюжеттин аткарылышы жөнүндө Оргочор айыл Кенешинин кезектеги сессиясы айыл Кенештин бюджет-финансы жана экономика боюнча туруктуу коммиссиясынын төрагасы Н.Жакибаевдин билдирүүсүн, финансы экономика бөлүмүнүн башчысы Ч.Казиеванын кошумча билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Оргочор айылдык Кенешинин сессиясы **т о к т о м к ы л а т:**

1. Оргочор айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2021-жылга жергиликтүү бюджетинин аткарылышы бекитилсин.
2. 2022 - жылга карата Оргочор айыл өкмөтүнүн бюджети кирешелер боюнча 28 603,8 миң сом көлөмүндө жана чыгымдар боюнча 28 603,8 миң сом көлөмүндө № 1 тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. 2023-2024 жылдарга долбоор №2 тиркемеге ылайык бекитилсин
4. Салыктардын контингенти жана чегерүүлөрдүн көлөмү № 3 тиркемеге ылайык каралсын жана кирешелер биринчи кезекте эмгек акыга, соцфондго чегерүүгө, коммуналдык чыгымдарга жана жеңилдиктерди төлөөгө жумшалсын. Айыл өкмөтүнүн бюджетине түшүүчү булак болгон салыктарды өз убагында жыйнап бюджетке түшүрүү жагы айыл өкмөтүнүн каржы, боюнча жетектөөчү адис Усубакунов Т. милдеттендирилсин.
5. Жергиликтүү бюджеттен каржылануучу чыгымдардын көлөмү № 4 тиркемеге ылайык бекитилсин.
6. Жергиликтүү бюджеттен мекемелерге каржылануучу эмгек акы, соц.фондусунун чектелген көлөм № 5 тиркемеге ылайык бекитилсин.
   Айыл өкмөтүнүн аппартынын кызматкерлеринин 17 штат бирдиги 248 982 сом өлчөмүндө айлык акысы менен бекитилсин.